ОБСЕ

**Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму**
**Жалпы маалымат каражаттарынын эркиндиги боюнча Өкүлчүлүгү**

# ЖМК боюнча Борбордук Азиядагы 14-конференциясы

# Традициялык ЖМКдан онлайн ЖМКга: мыкты тажрыйбалар жана перспективалар

**Ашхабад, Туркменистан**
**5-6 июль, 2012-жыл**

## ДЕКЛАРАЦИЯ

ЕККУнун Жалпы маалымат каражаттарынын эркиндиги боюнча Өкүлчүлүгү, ЕККУнун Борбордук Азиядагы миссиялары менен бирдикте, ушул жылдын 5-6 июлунда Туркменистандын Ашхабад шаарында ЖМК боюнча Борбордук Азиядагы 14-конференциясын өткөрдү.

Көп жылдар бою бул конференция Борбордук Азия журналисттеринин ортосунда ЖМК көйгөйлөрүн талкуулоо боюнча пикир алмашуучу жалгыз форум болуп келатат. Бул жолу биз Ашхабадда биринчи жолу чогулдук.

Бул жолку эки күндүк конференцияга 150 дөн ашык адам катышты; анын ичинде журналисттер, медиа эксперттер, өкмөт кызматкерлери, Парламенттин депутаттары, жарандык коом жана академия чөйрөсүнөнүн өкүлдөрү болду. Андан сырткары, бизге Афганистан, Армения жана Азербайжан өлкөлөрүнөн келген байкоочулар кошулду.

Был жылкы тема – социалдык тармактар жана он-лайн медиа болду. Катышуучулар социалдык тармактардагы жана он-лайн медиадагы ЖМКнын эркиндигин, анын регуляция жагын, ал боюнча эл аралык стандарттарды жана улуттук тажрыйбаларды талкуулашты. Андан сырткары, алар Борбордук Азия регионундагы жалпы ЖМК эркиндигин баалап чыгышты. Андан кийин, бул конференцияда төмөндөгү темалар талкууга алынды: он-лайн жана социалдык медиадагы юридикалык кыйынчылыктар, саясат жана практика, экономикалык моделдер жана келечекти элестетүү.

*Конференция төмөнкү жыйынтыктарга келди:*

*Конференция:*

1. Түркмөн бийиликтерине бул конференцияны өткөрүүгө жакшы ээ болуп бергендиги үчүн ыраазчылыгын билдирди жана келечекте кызматташтыкты жана ишенимди бекемдөө үчүн конференцияны өткөрүүчү мамлекеттерди кезектештирип туруунү маанилүү деп эсептейт.

2. Бул конференцияга бардык Борбордук Азия өлкөлөрүнүн медиа, жарандык коом жана өкмөт секторунун өкүлдөрү ушул традициялык жана он-лайн медиа темасын талкуулоого катышкандыгын жактайт.

3. Учурдагы он-лайн жана традициялык жалпы маалымат каражаттары (ЖМК) ЕККУнүн мүчө-мамлекеттери ЖМК боюнча өзүнө алган милдеттемелерин аткарууда жакшы мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылгандыгын тааныйт.

4. Он-лайн медиа көп түрдүүлүккө жана плюрализмге шарт түзгөндүгүн жактайт.

5. Интернет аркылуу келген мүмкүнчүлүктөрдү белгилейт, жана анын ичинде, билим берүү, экономика, жеке адамдын комуникациялары жөнүндөгү өнүгүштөрдү баалайт жана аны менен бирге, маалымат издөө, жаратуу жана таратуунун маанилүүлүгүн тааныйт.

6. Мамлекететтерди негизги сөз эркиндиги боюнча укуктарын жана маалымат эркиндигин коргоо үчүн тиешелүү мыйзамдарды, саясатты, жана тажрыйбаларды кабыл алууга, ошону менен бирге, эгемендүү юридикалык көз салуу институтун камсыздоого жана аларды аткаруу үчүн эффективдүү коомдук байкоо механизмин камсыздоого чакырат.

7. Интернет аркылуу сөз эркиндикти чектөө бир гана эл аралык стандарттардын чегинде, демократиялык коомдун муктаждыгына негизделип, бир гана мыйзам менен үндөш болсо жана коомдук кызыкчылыкка туура келген учурда гана кабыл алынарын белгилейт. Андан сырткары, он-лайн медианы жабуу бир гана соттун чечими аркылуу аткарылат. Ошондуктан, сайттарды жабуу чечимдери тунук жана негиздүү болуусу абзел. Жабылган сайттардын тизмеси коомго ачык болушу керек.

8. Улуттык мыйзамдар интернеттеги жана жаңы ЖМКдагы айкындыкты жана тунуктукту жеңилдетет деп ишенет.

9. Мамлекеттерди интернетке болгон укукту, анын ичинде социалдык тармактарды, негизги адам укуктары катары кароосуна чакырат.

10. Сан-ариптик теле-берүүнү колдонгон жана колдонбогон калктын катмарларынын ортосундагы ажырымды жабууда, Мамлекеттерди бардык тиешелүү тараптар менен кызматташтыгын күчөтүүсүн колдойт жана, билим бреүүнү жана Интернетке болгон жалпы укукту алга жылдырууга чакырат.

11. Телекоммуникация компанияларды он-лайн маалыматты жана трафикти кароодо, алардын жабдыгына, контентине, авторуна, булагына же аудиториясына карабай нейтралдуу мамиле кылуусуна чакырат.

12. Интернеттеги контентти жаратууда колдонуучулардын сөз эркиндиги боюнча укугун пайдалануусун жана активдүү ролун тааныйт.

13. Бийлик өкүлдөрүн жарандар үчүн тунук маалымат механизмдерин камсыз кылууда, чиновниктердин эл алдында жооптуулугун күчөтүүсүнө жана коомго керектүү маалыматты калың элге жеткирүүдө социалдык тармактарды колдонуусуна чакырат.

14. Өкмөттөрдүн жарандык коом жана телекоммуникация компаниялары менен жакындан иштеп, Интернет коомдук талкуулардын ачык форуму болуп кала беришине, колдонуучулардын укугу корголушуна карата иштөөсүнө чакырат.

15. Бул укуктарды толук колдонуу үчүн, Интернет колдонуучулардын жеке баракчаларын мыйзамсыз бузуп киргендерден корголушун баса белгилейт.

16. Бийлик өкүлдөрүн журналисттердин, анын ичинде блоггерлер жана жарандык кабарчылардын иш-аракеттери тоскоолдуксуз аткарыларышына шарт түзүүсүнө чакырат.